УДК 37:371.31
DOI 10.58649/1694-8033-2023-1(113)-71-77

**Дөөлөтбакова Р. Ж.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Доолотбакова Р. Ж.**
КНУ им.Ж.Баласагына
**Doolotbakova R.ZH.**
KNU J. Balasagyn

SPIN-код: 2273-2692

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА МУРАС УКУГУ
# ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЯЗЫК И ПРАВО НАСЛЕДИИ
# THE STATE LANGUAGE AND HERTAGE LAW

**Аннотация:** Бул макалынын максаты – жогорку окуу жайларында юридикалык адистиктеги студенттерге кыргыз элинин улуу мурасы - “Манас” эпосун окутууну укук предмети менен интеграциялап, заманбап билим берүү парадигмаларына таянып, коммункативдүү компетенттүүлүктүн негизинде жаңы ыкмада, жаңы жолдор менен инновациялап окутуу болуп саналат.

**Аннотация:** Цель данном статьи – интегрировать преподавание великого наследия кыргызского народа «Манас» с предметом права, по-новому и по-новому обучать студентов юридических специальностей в высших учебных заведениях, опираясь на современные образовательные парадигмы, основные и коммуникативной компетентности.

**Annotation:** The purpose of this article is to integrate the teaching of the great heritage of the Kyrgyz people “Manas” with the subject of law, to teach law students in higher educational institutions in a new way, based on modern educational based on communicative competence.

**Негизги сөздөр: “**Манас”эпосу, мурас укугу, дөөлөт. эпикалык, руханий, компетенттүүлүк

**Ключевые слова:** эпос “Манас”, право наследования, богатство, эпос, духовность, компетенция

**Keywords:** epic “Manas”, the right of inheritance, wealth, epic, spirituality, competence

Кыргыз эли таасирдүү тарбиялоонун мыкты үлгүлөрүн жаратып, көөнөрбөс көркөм дөөлөтү бар “Манасты” кылымдан-кылымга, доордон-доорго сактап, төгүлтпөй, чачылтпай кийинки урпактарга таалимдеп үйрөтүп келишкен. “Манас” эпосу – кыргыз элинин бешенесине бүткөн улуу чыгармасы, ааламды таңданткан мурасы. Дүйнөлүк маданияттын туу чокусундагы куттуу дөөлөтү, өзүнчө бир керемет дүйнөсү, адамдык сапатты мурастап, түбөлүк жаңырып турган гимни.

“Манас” эпосу – кылымдар бою ооздон оозго, укумдан-тукумга, атадан-балага ыйык тутуп сактап келген, монументалдык, өлбөс-өчпөс эстелиги, элибиздин улуттук сыймыгы, байыркы ата-бабалрыбыздан калган баа жеткис руханий байлыгы жана улуу мурасы.

“Кыргыз эли Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири экени тарыхка маалым. Өзүнүн өсүш жолунда узак, татаал кылымдарды башынан өткөргөн кыргыз эли этикалык маданияттын эң бийик үлгүлөрүн жаратууга жетишкен. Башка элдер өзүнүн өткөндөгү

маданиятын, тарыхын жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театр, сүрөт искусствосунда сактап келген болсо, кыргыз эли өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар-намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын жана бир катар учурларда реалдуу тарыхый окуяларын оозеки эпикалык жанрда чагылдырган”. [1.293.] “Манас” эпосунда бардык мезгилдин педагогикасындагы негизги болгон эне тил проблемасы коюлган. “Элдин өлбөстүгү – анын тилинде” (Чыңгыз Айтматов.)

Жарык дүйнөгө келген ар бир наристе он егиз миң ааламдын сырларын тил аркылуу таанып билет. Байыркы ата-бабалар менен кыргыз элинин бүгүнкү урпактары генетикалык маалыматтык түйшүк аркылуу байланышып турат. Эгер бала өз эне тилин билбесе ушул байланыш үзүлөт. Ошондуктан “Манас” эпосу элдик чыгарма катары балдарды ата-энелери менен ата-бабаларынын тилине аяр мамиле жасоо зарылдыгын көздөйт.

“Кыргыз тилинин улуулугу, байлыгы, көркөмдүгү, кайталангыстыгы дүйнө жүзүндө эки зор уникалдуу талант аркылуу таанылган: биринчиси улуу “Манас”, экинчиси залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов жана анын чыгармалары”. [2. 58.]

Белгилүү адабият сынчысы, педагог – окумуштуу жана публицист, академик С.Байгазиев: “Бүгүнкү күндө улуттук тилибизди окутууну жаңы деңгээлге көтөрүү көз карашынан караганда кыргыздын улуу мурасы “Манас” эпосунун мааниси баа жеткис. “Манас” эпосу эл тарабынан кыргыз тилине тургузулган улуу монументалдык эстелик десек жаңылышпайбыз. Улуу эпос эне тилибиздин алтын казынасы. Кыргыз тилинин кору, дандын казынасындай сан жеткис сөз байлыгы, лексикалык, фразеологиялык каймагы, түгөнгүс асыл берметтери ушул жерде. Курчап турган дүйнөнү, көрүнүштөрдү жана предметтерди, татаал социалдык маселелерди, рухий кубулуштарды чагылтуудагы кыргыз тилинин бай мүмкүнчүлүгүн, керемет жөндөмүн, сыйкырдуу күчүн, эң ийкемдүү образдык кудурети дал ушул “Манас” эпосунан ачык-айкын көрөбүз. “Манас” “өнөр алды кызыл тилдин” эң жогорку үлгүсү. Жандуу нерсе болобу, же жансыз нерсе болобу, сүрөттөп жаткан нерсени кыска жана нуска, ташка тамга баскандай таасын берүү, кооздоп таамай тартуу жагынан “Манас” эпосунан не бир таланты ашыган, өнөрү ашкан чечендер да өрнөк алса болот. Жаш муундарыбызга “Манастын” тилин үйрөтүшүбүз керек.”Манастын” тилин үйрөнүү – кыргыз тилин үйрөнүү деген сөз. Тил башаты “Манаста”. “Манас” ар бир бөбөктүн, ак калпакчан, ак элечекчен ар бир кыргыздын тил бешиги болуп калса деген тилекти айткыбыз келет. Окуучуларга, студенттерге “Манасты” окутуу дегендик – алардын боюна “Манастын” тил байлыгын сиңирүү, жаштарды өз оюн, өз ой пикирин “Манастагыдай” таамай, кыска жана нуска айта билүүгө, эпостун сөз берметтерин, накыл кептерин, макал-лакаптарын өз сөздөрүнө колдоно, пайдалана билүүгө, кеп куруп жатканда ата-бабаларыбыздын улуу мурасы таалимдеп отургандай, көркөмдөп, кооздоп, керек болсо, жорголотуп чечен сүйлөй билүүгө жана жаза билүүгө үйрөтүү, көнүктүрүү, машыктыруу деген сөз” – деп белгилеген.[3..68 б.]

В.В.Радлов “Манас” эпосунун кыскартылган вариантын жазып алып, аны 1885-жылы кыргыз, орус жана немис тилдеринде чыгарган. Ал кыргыз элинин рухий турмушунда эпос зор мааниге ээ экендигин белгилеген. Кыргыз элинин Ата Мекенинин эркиндигин жана көз карандысыздыгы үчүн болгон күрөш дооруна (IX кылымдын аягы – XVIII к.) эпостун жаралуу мезгилин таандыктоо менен академик Б.М.Юнусалиев төмөнкүчө белгилеген: “Манас” эпосунун тарыхый-маданий мааниси көп кылымдар бою кыргыз элинин эстетикалык табитин жана улуттук мүнөзүн калыптандырууга зор таасир эткенинде... Эпос өзүнүн бардык угуучуларын жүрүм-турумдук этикалык нормаларына үйрөтөт.” [4. 212-213.]

“Манас” эпосу – бул чынында эле кыргыздардын узак мезгилдер бою тарыхый өнүгүшүнүн энциклопедиясы. Мында кыргыз элинин ар түрдүү катмарларынын рухий жашоо турмушунун бардык жактары чагылдырылган. Бирдиктүү улут катары кыргыз элинин ар бир өнүгүү жана калыптануу этабы жүздөгөн жылдар бою эпостун идеялык-көркөм мазмунун, өзүнүн терең изин калтырган. [5. 6-7.] Чындыгында “Манас” эпосу кыргыздардын көп кылымдык тарыхы менен маданиятынын түрдүү этаптарын чагылдыруучу өз алдынча энциклопедияны элестетет, кыргыз элинин педагогикалык көз караштары менен философиялык ой жүгүртүүлөрүнүн өзгөчөлүгүн ачып берет, моралдык-этикалык ченемдер менен тарбиялоо практикасы менен тааныштырат. Эпосто кыргыздардын эркиндикти сүйгөнү жана аскердик-патриоттук духунун бийиктиги өзгөчө ачык көрсөтүлгөн.

“Манас” – океан эпос... деп жазган Чыңгыз Айтматов. Көлөмү жагынан ал дүйнөдөгү белгилүү бардык эпостордон ашып түшөт. Турмуш түшүнүктөрүн камтыган кенендиги жагынан “Манас” эпосу дүйнөлүк эпикада эң барандуу орунду ээлейт. Журт башында жүргүзгөн каарман күрөшү, чачылган кыргыз урууларын бириктирип, журт кылган айкөл Манас баатырдын эрдигин даңктоо – анын өзөк тамыры.

Баатырлардын эрдигин баяндаган эпизоддордон тышкары “Манас” эпосунда адам тиричилигинин көп түрдүү көрүнүшүн сүрөттөгөн учурлар кенири орунду ээлейт. Анда байыркы кыргыздардын географиясы, медицина, зергерчилик, аскер өнөрү маалыматтары топтолгон. Г.Н.Волков: “Манас” эпосу кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун энциклопедиясы” деп атаган.

Эпостун каарманы – Манас айкөл инсандыктын кыргыздын идеялын элестетет. Ал эмгекте да, ишмердүүлүктө да, күрөштө да жетилген инсан катары калыптанган.Чыгармада Манаска: Жолборс жүрөк, жоон билек, арстандай айбаттуу, санжыргалуу, асыл, айкөл, эр жүрөк ж.б.у.с. мүнөздөмө берилген. “Манас” эпосунда: “Абадагы булуттун салкынынан бүткөндөй, асмандагы ай-күндүн жаркынынан бүткөндөй”- деп мүнөздөлөт. “Кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган” эмгеги, көрсөтүп турган өрнөгү менен Манас кыргыз элинин жетекчиси жана шыктандыруучусу болгон. Эпосто Манастын чоролоруна да мүнөздөмө берилген. Алар дагы баатырлар – патриоттор, чыныгы жигиттер болуп эсептелет. “Манастын” педагогикасынын күчтүү жагы – пайдалуу жакшы кеңештрге тез жана максаттуу кайрылып турушу. “Манаста” акыл-эстин улуулугу жөнүндө ой туюнтулган.

Эпостун каармандары акылдарынын жана жөндөмдүүлүктөрүнүн күчү менен белгилүү максатка жетүүдөгү мүмкүн эмес болгон тоскоолдуктарды да жеңип өтөт, акыл-эс кыйла күчтүү жана каардуу душманды жеңет. Эл акыл-эси өнүккөн жана жолдо кездешүүчү турмуштук маанилүү проблемаларды өз алдынча чечүүгө жөндөмдүү жаштарды көргүсү келет.

Кыргыз эли эркиндик жана жакшы турмуш үчүн күрөшүү учурунда көптөгөн пайдалуу билим, эмгектик тажрыйба топтогон. Анын бардыгы көбүнчө оозеки чыгармачылык аркылуу өтүп келе жаткан муунга өткөн. “Манас” эпосунда чагылдырылган ушул билимдердин бардыгы кийин жазма адабияттын пайда болушуна жана илимий билимдерди калыптандырууга негиз болуп калган.

“Манас” эпосу элдик энциклопедия катары кыргыздардын рухий жашоосунун бардык жактарын гана чагылдырбастан, эне тил, адабият, тарых, этнография, архитектура, психология, педагогика, медицина, астрономия, математика, биология, география, метеорология, адамдын анатомиясы, жаныбарлардын физиологиясы ж.б. у. сыяктуу

тармактардагы билимдерин  да көрсөтөт. Мына бул маалыматтарды өсүп келе жаткан муундарга жеткирүү ыкмалары да көрсөтүлгөн. Мисалы, бир гана эпизоддо өсүмдүктөр жана жаныбарлар көп түрү аталгандыктан жана баяндалгандыктан, табият менен бирдикте болуунун тажрыйбасынан алынган бай элдик билимге таң калууга болот. “Манас” эпосу жай мезгилиндеги табият көрүнүшүн: “Кызгалдак чөбү кылкылдап, кымыздык менен ышкыны, тегиз бышып былкылдап” деп сүрөттөйт. Бул маалыматтардын жыйындысы өсүп келе жаткан муундун ой өрүшүн дайыма кеңейткен жана алардын акыл-эс жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшүнө таасир берген.

Элдик бул коллективдүү акылынан жаралган чыгармада ошол мезгилдин эң популярдуу идеясы – улуттук биримдикке, эркиндик менен көз карандысыздык үчүн чет элдик баскынчылар менен күрөшкө чакыруу чагылдырылган. Кыргыздардын ата-бабалары Ата Мекенди коргоо үчүн күрөштө өтө туруктуулутун үлгүсүн көрсөтүп, эр жүрөктүүлүк менен салгылашкан, ар бир салгылашта элдин чыныгы уулдары менен кыздарынын эрдиктери бар болгон.  Манас баатырдын төмөнкү сөзү патриоттук чакырык катары кабыл алынган: Атамдан калган жер үчүн, аттанганы турамын.

“Манас” эпосундагы элдик педагогиканын улуулугу мында Ата Мекенге болгон сүйүү идеясы өткөндү жана келечекти азыркы учур аркылуу уланмалуулукту камсыз кылуу менен ишке ашырылгандыгында турат. Мында Ата Мекенге болгон сүйүү, балдарга болгон сүйүү менен биримдикте каралат:

Өз журтун кармап билүүү,
Артында эркек бала жаш...
Аргын кыргыз элиңди,
Тополоң кылбай ким таштайт?

Эл Ата Мекенге болгон сүйүүнү балдарга болгон сүйүүдөн жана алар жөнүндө камкордук көрүүдөн сырткары карабайт. Учур келечектен күчтүүлүк кылат. Балдардын келечеги жөнүндөгү камкордук – элдин келечеги жөнүндөгү камкордук болуп эсептелет. Мында балдар жана Ата Мекен жөнүндөгү бул бүткүл элдик камкордукту, Каныкей эне айткандай, энелик сүйүү менен ишенимдүү жана чын ыкластын  педагогикалык проблема катары караганыбыз маанилүү. Эл келечек муунга төмөнкүнү эскертет: Ким өз  энесин жакшы көрбөсө, өз Ата Мекенин да сүйө албайт, баланын милдети эне менен Мекендин алдында бирдей. “Манас” эпосу жогорку идеялдуу өсүп келе жаткан муунду ата Мекенге, өз элине берилгендикке, чынчылдык менен акыйкаттыкка, эрдик менен туруктуулукка тарбиялоочу жалпы эл тааныган  каражат болуп саналат.

“Манас” эпосу патриоттук багыты менен гана көрүнүктүү болбостон, адамзаттын тукумун улантуучу жана анын келечек үмүтү болгон баланын төрөлүшү жана тарбиялоо дагы анын негизги темаларынын бири болуп эсептелет. “Манас” эпосунун бардык варианттары үчүн балага табынуу жана ага сыйынуу мүнөздүү. Ошондуктан, кыргыз элинде: Бала үйдүн падышасы” деп айтылган.

Белгилүү адабият сынчысы,  педагог – окумуштуу жана публицист, академик Советбек Байгазиевдин  “Улуу “Манас” улутубуздун дил жана тил бешиги” аттуу эмгегинде төмөндөгүдөй суроолорду коюп, ага  жооп издейт. “Манаста” эмне ыйык? Ата журт ыйык. “Манаста” Ата журт ыйык, анын боштодугу ыйык, Ала-Тоонун бүтүндүгү, ак калпак журттун биримдиги ыйык. Акыйкатка, актыкка, адилеттүүлүккө, негизделген достук ыйык. Ата журттун мүдөөлөрү, калайык-калктын жогорку кызыкчылыктары ыйык. Ата конушка агынан жарылып ачылган адал мээнет ыйык. Мекен алдындагы парз ыйык. “Манаста” эмне

улук? Эл-журттун мүдөө кызыкчылыктары менен жуурулушкан абийир, ар-намыс улук. Ак жашоого умтулган адеп-ахлак улук.”Манаста” дагы эмне ыйык? Алммустактан бери келаткан ата-баба салты ыйык, наркы ыйык. Апа ыйык. Ата ыйык. Ала-Тоого атуулдук берилгендик ыйык. Алысты болжоп көргөн акылман акыл-эс, өзүнө да, өзгөгө да аяр караган сынчыл рух ыйык. Адамгерчилик ыйык. Улуттун намысы ыйык. Кыргыз деген ат ыйык.” [ 6.55.]

“Тарбия берүүнүн улуттук стратегиясында,” Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Билим берүү жөнүндөгү мыйзамда”, “Кыргыз Республикасынын Комплекстүү өнүгүүнүн негиздери” программасында, улуттук билим берүү доктринасында Кыргызстандагы балдардын укуктары боюнча “Жаш муун” программасында, бул боюнча конвенцияда, ал гана эмес, кыргыз элинин менталитетинин жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын синтези катары “Манастын жети осуятына таянат. [7.07.11.]

1.Эл-журттун ажырагыс биримдиги жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган биримдик.

2. Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.

3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.

4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.

5. Боорукердик, айкөлдүк, кечиримдүүлүк.

6.Табият менен таттуу мамиледе болуу.

7. Кыргыз мамлекетин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

**Сабактын жүрүшү:**

1-кадам: Манас гимнин уктуруу.

**Манас гимни**

Сөзү: Ашым Жакыпбековдуку

1.Кайың барбы кыргыз балта чаппаган
Кыр-жон барбы кыргыз кыргын таппаган.
Кылымдарга аты калбай өчөөрдө
Кыргыз элин кыраан Манас сактаган.
Кайырма:
Асман менен Жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен Күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй –
Теңир уулу эр Манас.

2.Белес-белден беш удургуп өткөн эл,
Арстан болуп ай чапчыган көчмөн эл.
Курандылап, куруп бара жатканда
Эр Манасты туу карманып өскөн эл.
Кайырма:

3.Манас улуу – кыргыз элдин желеги.
Ата-мурас, акыл, ойдун тереңи
Түбөлүккө ташка тамга баскандай
Кыргыз элдин адамзатка белеги.
Кайырма:

2- кадам: Кыргыз элинин мурасы - “Манас” аттуу текстти окутуу.

3-кадам:"Сынчыл ойлом" **"**Блумдун таажы гүлү" – америкалык психолог жана педагог Бенджамин Сэмюэль Блум тарабынан негизделген. Блум немец тилинен которгондо "гүл" деген түшүнүктү билдирет. Анын сырткы көрүнүшү чынында эле таажы (ромашка) гүлүнө окшош сынчыл ойломго багытталган суроолор системасын билдирет. Ошондуктан гүлдүн сегиз таажысына сегиз түрдүү маанидеги суроолор кыстарылып коюлат.

1. **Жөнөкөй суроолор.** Жөнөкөй суроолор жооп берүүдө көбүнчө эпостогу фактылар боюнча студент-жарандын маалыматтык түшүнүгүн текшерүү максатында түзүлөт.

2. **Тактоочу суроолор.** Тактоочу суроолор кээде бүдөмүк айтылбай калган маалыматтарды, түшүнүксүз ойлорду, же айтылган ойду угуп жаткан студент-жаран кандай түшүнгөндүгүн тактоо үчүн колдонулат. Эпостун өзөгүн кайсы окуялар жана канча каарман түзөт?

3. **Багыттоочу суроолор**. Багыттоочу суроолор коюлган эпостогу маселени чечмелөөгө жардамдаш, көмөктөш болуу максатында берилет.

4**. Ойлонтуучу суроолор.** Ойлонтуучу суроолор студен-жаранды ойлонууга чакырып, эпостогу коюлган маселенин үстүндө ой жүгүртө билүүгө көнүктүрөт.

5.**Чаташтыруучу суроолор**. Мында коюлган суроонун туура же туура эместигин иргеп, анығына жетип, ыкчам жооп табууга машыктырат.

6.**Чечмелөөчү суроолор**. Чечмелөөчү суроолор «эмне үчүн?», "эмне себептен?" деген сөздөр менен башталып, мында маселени чечмелөө милдети коюлат.

7. **Чыгармачыл суроолор.** Мындай суроолор көбүнчө чыгармачыл эмгектин болушун талап кылат. Океан эпос бүгүн да өз маанисин жогото элек, "Манас" эпосунун актуалдуулугу эмнеде?

8. **Баалоочу суроолор**. Мындай суроолор студен-жарандардын эпостогу окуя, көрүнүш, фактыларга баа берүүнү айырмалоо максатында сунушталат. Мында жакшы менен жаман, адилеттик менен акыйкатсыздык жөнүндө ой пикирлерин, көз караштарын билдирүүгө негизделген. Элдин жеңилбес күчүн, эркиндигин кандай баалайсыз? ж.б.

4-кадам: Бирден синквэйн түзүшөт.

5-кадам: Жети топко жети флипчарт, аудиториядагы жалпы топ үчүн бир флипчарт тактага илинет.

6-кадам:Төмөнкү мурас укугуна байланышкан терминдердин маанисин өз алдыңарча түшүнүп, андан соң тайпа менен биргеликте жооп бергиле. Мурас, мурастоо укугу, мураскерлер, мурастоо трансмиссиясы.

Кыргыз элинин мурастары: Кыргыз Республикасынын аймагы, жери, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору, "Манас" эпосу, боз үй, улуттук буюмдары: шырдак, ала кийиз, кыргыз элинин улуттук кийимдери, каада-салттары, тамак-аштары, улуттук оюндары ж.б.




7-кадам: “Концептуалдык карта” түзүшөт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Ч. Айтматов Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы 8 том, 293-б.
2. Капалбаев О. Э. Кыргыз элинин чечендик өнөрү. Бишкек. “Бийиктик плюс”- 2020, 58-б.
3. Байгазиев С. О. Улуу “Манас” улутубуздун дил жана тил бешиги. Бишкек -1995.68-б.
4. Юнусалиев Б.М. Кыргызский героический эпос “Манас”. В кн: “Манас” героический эпос кыргыского народа. –Ф. 1968. 212-213-б.
5. Петросян А.А. К вопросу о народности эпоса “Манас”. – В кн: Кыргызский героический эпос “Манас”. –М. 1961. 6-7-б.
6. Байгазиев С.О. Улуу “Манас” улутубуздун дил жана тил бешиги. Бишкек -1995.55-б.
7. Конвенция воспитания школьников Кыргызской Республики. “Кут билим”, № 58. (07.11). 2001.